**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2022-жылдын 25-майда болуп өткон магистрлер менен жолугушуусунун протоколу**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 27

**Күн тартиби:**

1. Магистрлерден анкета алуу
2. Магистрлердин сунуш-пикирин угуу

**Угулду:**

Жыйындын төрагасы, доцент Н.Турганбаев – Саламатсыңарбы, магистрлер? Бүгүн силерди чогултканыбыздын себеби: факультеттеги окуу-методикалык, илимий, тарбиялык иштердин жүрүшү, ага силердин таасириңер тууралуу сурамжылоо жүргүзүлөт. Анкетадагы суроолорго так, толук жооп берип, сунуш-пикирлерди да так жазып берсеңер.

Жалпы магистрлерге анкета таратылып берилет.

**Сөзгө чыккандар**:

Боронбаева Кенжегүл – Саламатсыздарбы? Азыр биз 2-курста окуп, магистрдик диссертацияны жазып жатабыз. Илимий ишти жазууда биз адабияттар менен иштөөдө, макала жазууда кыйынчылыктар болот. Магистрдик ишти жазууну тереңдетүү максатында атайын сабактар киргизилсе. Мисалы, илимий ишти жазуунун методикасы, туура жазуу ж.б.

Кошалы к. Бегзада – Саламатсыздарбы, агай-эжекелер, магистрлер? Анкетага жооп берип жатып, биздин факультетте алгылыктуу жакшы иштер жүргүзүлүп жатканын билдим. Факультетте профессордук-окутуучулук курамдын илимий потенциалы өтө жакшы, илимий-изилдөө борборунда өзүбүзгө тиешелүү илимий адабияттарды колдонобуз. Факультетте бардык тараптан шарттар түзүлөт десем жаңылышпаймын. Сунуш катары бакалаврда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы профессионал адабияттын гана контексинде окутулганы, мектепте ар бир класста Ч.Айтматовдун чыгармалары окутулгандыгы үчүн магистратурада атайын предмет катары отүлүшү зарыл экендиги;

Урматбекова Айзирек – Саламатсыздарбы, урматтуу окутуучулар, магистрлер? Менин сунушум: магистратурада окуп жатып, мобилдүүлүк боюнча башка окуу жайларга барып окуп келсек. Ошондой эле көркөм текстти талдоо, анализдөөдө кыйынчылыктар болуп жаткандыгын айткым келип жатат.

Аслан Бурхан – Саламатсыздарбы? Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинде сабактар жогорку деңгээлде өтүлөт. Илимдин докторлору, профессорлор,

илимдин кандидаттары сабак өтүп, илимде түшүнбөгөн суроолорубузга жоопторду алабыз. Илимий макалаларды жазууда кыйынчылыктар болуп жаткандыгынан улам, ушуга тиешелүү предметтер окутулса жакшы болмок.

Боронбаева Кенжегүл – Саламатсыздарбы? Азыр биз 2-курста окуп, магистрдик диссертацияны жазып жатабыз. Илимий ишти жазууда биз адабияттар менен иштөөдө, макала жазууда кыйынчылыктар болот. Магистрдик ишти жазууну тереңдетүү максатында атайын сабактар киргизилсе.

Жыйындын негизинде жалпы катышуучулардын пикири эске алынып, төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1**. Магистрлердин жолугушуусу канааттандырарлык деп табылсын.

**2**. Магистрлердин төмөнкү сунуш-пикирлери эске алынсын.

1) Ч.Айтматовдун чыгармалары магистратурада атайын предмет катары өтүлүшү зарыл экендиги;

2) көркөм текстти талдоо, анализдөөдө, илимий макалаларды жазууда кыйынчылыктар болуп жаткандыгы;

**3.**Айтылган сунуш-пикирлер факультеттин Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Көчүрмө анык.**

Катчы: Заирова Н.

25-май, 2022-жыл